**"Пейилинен Алайдын"**

**сөзү,обону** : Зарлык Камбаралиев

Коногу келсе кымызы менен тостуруп
Алайдын сыйы,алысты жакын дос кылып
Көңүлү көлдөй тунук
Сүйлөсө сөзү сылык
Айтамын дастан кылып
Меймандостугун

Атагы чыккан далайдын
Суктануу менен караймын
Ашык болдум эли менен
Пейилине Алайдын

Кучагын ачып,жайната жайып тасмалын
Алайдын эли,урпагы улуу Датканын
Көргөндө көз сүйүнөт
Достукка бек билинет
Айтылса сөз түгөнөт
Ынтымактарын